"Бекитемин": ____

Мектеп директору:Ж.Камбарова

"01" 09 2022-жыл

02-05

# №78.М.Жолдошалиев атындагы орто мектебинин 2022-2023- окуу жылына карата окуу тарбия иштери боюнча усулдук кеңештин отурумдарынын протоколдору

*Жаңы-Айыл айылы*

Бекитемин:

Мектеп директору: Ж.Камбарова

«02» 09 2022-жыл.

# Мектептин усулдук кеңешининин отурумдарынын иш планы

## 1-отурум:Август айы

1.Өткөн окуу жылында усулдук кеңештин аткарган иштери боюнча отчетун угуу жана жаңы окуу жылына карата түзүлгөн иш планды талкулоо жана бекитүү.

2.Усулдук кеңештин жаңы составын бекитүү.

3.Усулдук бирикмелерди тактоо жана жетекчилерин шайлоо.

4.Уюштуруу иштери.

## 2-отурум:Ноябрь айы

1.Тил багытындагы усулдук бирикме жетекчисинин отчетун угуу.

2. «Кыргыз тили – мамлекеттик тил айлыгынын жыйынтыгын чыгаруу.

3.Башталгыч класстар усулдкук бирикме жетекчисинин отчету.

4. Окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчтөрүнүн жыйынтыгы

5.Уюштуруу иштери.

## 3-отурум: Январь айы

1.Орус тили жана чет тилдер усулдук бирикме жетекчисисинин отчету.

2.Мектеп окуучуларынын мамлекеттик предметтик олимпиадаларга даярдоонун абалы.Олимпиадалык топтордун иш пландары .Мектептик, аймактык,райондук олимпиадалардын жыйынтыктары.

3. А.Ч.Д. дене тарбия сабактарынын окутулушу жана окуучулардын билим сапаты.

4.Уюштуруу иштери.

## 4-отурум: Март айы

1.Так илимдер багытындагы усулдук бирикме жетекчисинин отчетун угуу.

2.5-11-класстарда кыргыз тили,физика.математика сабактарынын окутулушу жана билим сапаты.

3.Жаңы инновациялык методдорду сабактарда колдонуу.Тажрыйбалуу мугалимдин иш тажрыйбасын жайылтуу.

**4. «Жыл мугалими- 2023» конкурсунун жыйынтыгы.**

**5.Башталгыч класстарда окуу техникасын жана окуучулардын билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгы.**

**5. Уюштуруу иштери.**

**5-отурум: Май айы**

**1.Усулдук кеңештин ишин жыйынтыктоо.**

**2.Жакшы иштеген мугалимдерди Райондук БББөлүмүнүн,Райондук администрациясынын,областык администрациясынын мактоо жана ардак грамоталарына көрсөтүү.**

**3. Жаңы окуу жылына карата мугалимдерге тапшырмалар берүү.**

**4. Аркандай уюштуруу иштери.**

**Усулдук кеңештин төрайымы:** **М.Адилбекова**

**№78.М.Жолдошалиев атындагы орто мектебинин усулдук кеңештин отурумунун**

**Токтому №1 2022-ж 02.09**

**Жаңы-Айыл айылы**

**Усулдук кеңештин мүчөлөрү: 21**

**катышканы:20**

**катышпаганы:1**

## Күн тартибинде каралуучу иштер:

**1.2021-2022-окуу жылында усулдук кенештин аткарган иштери боюнча Усулдук кеңештин отчету.2022-2023 -окуу жылынын иш пландарын бекитүү.**

**2.Усулдук кеңештин курамын бекитүү.**

**3.Усулдук бирикмелерди тактоо.**

**4.Жаш мугалимдерди насаатчы мугалимдерге бекитүү.**

**5.Уюштуруу иштери.**

**Угулду:**

**1.Биринчи маселе боюнча Усулдук кеңештин төрайымы М.Адилбекова 2021-2022-окуу жылында усулдук кеңештин аткарган иштерине кеңири токтолуп,,жылдык отчетун берди .Өткөн окуу жылында беш багыттагы усулдук бирикме иштеп,алардын жетекчилери өз иш пландарынын үстүндө ишмердүүлүгүн жүргүзүштү.Бардык усулдук бирикменин жетекчилери өз иштерин алып барууда кемчиликтер кетиришти ошону менен бирдикте ийгиликтерге жетишишти.**

**Кээ бир бирикменин жетекчилери ачык сааттарды өз убагында өтпөгөн,о.э иш пландарын аткарууда кемчиликтер кетиришкен.Ошондуктан аларга эскертүүлөр берилгендигин баса белгиледи.**
**Экинчи чейректе усулдук бирикмелердин иши талапка жооп берээрлик деңгээлде аткарылып,ачык сааттар өз убагында өтүлүп,тажрыйбалуу мугалимдердин иштери жайылтылды. «Тил багытындагы» усулдук бирикме жетекчиси Ураимова Н, «Так илимдер багытындагы» усулдук бирикме жетекчиси Ж.Садиеванын,о.э «Башталгыч класстар багытындагы» жетекчиси Жакыпбек к Кыялдын иштери «эң жакшы» деп бааланды.**

Жаңы окуу жылына карата Усулдук кеңештин иш план долбоору кеңешмеге сунушталды.УКЖси М.Адилбекова иш планда көрсөтүлгөн иш аракеттерди мектетин шартына ылайыкташтырып түзүлгөндүгүнө токтолуп,кээ бир аткарууга мүмкүн болбогондорун иш пландан алып салууга боло тургандыгын айтты.Талкулоодон соң 2022-2023-окуу жылына карата мектептин усулдук кеңешмесинин иш планы бир добуштан кабыл алынды.

2. Усулдук кеңештин жаңы курамын түзүү боюнча кеңештин төрайымы төмөндөкүлөргө токтолду:

Усулдук кеңештин курамын тажрыйбалуу,көп жылдык тажрыйбасы бар, чыгармачылык менен иштеп тураарын айтты.Өткөн окуу жылында усулдук кеңештин курамы жакшы иш алып баргандыгына токтолуп,аларга чоң ыраазычылык билдирди.

Быйылкы окуу жылы өткөн окуу жылынан айырмаланып,ар бир усулдук бирикменин жетекчилерин жаш агай-эжекелер менен алмаштырдык.Себеби азыркы заманбап технологиялардын өнүгүшүн пайдалануу менен окуучулардын билим сапатына ар тараптан өнүктүрүүгө салымдарын кошот деген идеянын негизинде.

Өткөн окуу жылындагы усулдук кеңештин курамынан аз саатуулар ус.бирикмесинин жетекчисР. Калыкулова эжекенин ордуна Манатов С,тил илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси Кулбаева Г китепканачы болуп кеткендигине байланыштуу анын ордуна Ураимова Шекер дайындалды.Ошентип калган жетекчилер кайрадан добушка коюлуп,бир добуштан кайрадан усулдук кеңештин курамы шайланды.

Усулдук кеңештин курамы төмөндөгүдөй тартипте түзүлдү:

| | |
|---|---|
| Усулдук кеңештин төрайымы: | М.Адилбекова |
| катчы: | Жакыпбек к К |
| мүчөлөрү: | Аргынбаева Ж |
| | Ураимова Шекер |
| | Темур к Бүбүсара |
| | Манатов Сыргак |

Усулдук кеңештин төрайымы жаңы курамдын мүчөлөрүн куттуктап,алар 2022-20223окуу жылында системалуу иш алып бара тургандыгына ишеним артты.Усулдук кеңештин мүчөлөрүнө ийгилик каалады.

**3-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчилерин дайындоодо 2022-2023-окуу жылында мектепте 5 усулдук бирикме иш алып бара тургандыгын айтты. Бирок өткөн окуу жылында кээ бир бирикменин жетекчилери жакшы иш алып барбагандыктан аларга эскертүү берилди.**

**Усулдук бирикменин жетекчилигине төмөнкү мугалимдердин талапкерликтери сунушталды.**

**Усулдук бирикменин жаңы курамы:**

**1 «.Так илимдер багытындагы усулдук бирикме» Арггынбаева Ж**

**2. «Тилдер багытындагы усулдук бирикме» Ураимова Шекер**

**3. Тарых,география,биология,табият усулдук бирикмеси» Темур к Б**

**4. «Башталгыч класстар багытындагы ус. бирикме» Жакыпбек к К**

**5. «Аз сааттуулар багытындагы усулдук бирикме» Манатов С**

**4 –Маселе боюнча усулдук кеңештин төрайымы төмөнкүлөргө токтолду: Өткөн окуу жылында жаш мугалимдерди насаатчы мугалимдерге бекитүүдө ар бир жаш кадрдын өз предметине карата келишимдин негизинде бекитилген.**

**Ошондуктан ар бир предметтик мугалимдерди өзүнүн тандоосуна,өз ара пикирине карата тандоосуна карап дайындоону сунуштады.**

**Орус тили мугалими Майрамбек кызы Мээрим Мырзабекова Орозбүгө (пед.стажы 34 жыл)**

**Башталгыч класстар боюнча: Ноорузбаева Жыпаргүл, Караева Г Адилбекова га (пед стажы 38 жыл)**

**Тарых мугалими Темур кызы Бүбүсараны,дене тарбия мугалими Манатов Сыргакты Камбарова Жыпаргүлгө (пед стажы 2жыл)**

**Физика мугалими Кабыл кызы Сайкал, дене тарбия мугалими Тобокалов Нурсултанды Султанкулова Анийпага (пед.стаж 33) жыл)**

**Усулдук кеңешмеде усулдук бирикменин жетекчилигине,о.э насаатчы мугалимдерге көрсөтүлгөн талапкерлерди бир добуштан жактырышты жана колго салышты.**

**5-маселе:Уюштуруу иштери боюнча усулдук кештин төрайымы төмөнкүлөргө токтолду:**

**1.Усулдук кеңештин отурумдарын ар чейрек сайын өткөрүү.**

**2.Усулдук бирикменин жетекчилеринин отчетторун ар чейрек сайын тапшырылып, усулдук кеңешмеде каралат.**

**№78.М.Жолдошалиев атындагы орто мектебинин Усулдук кеңеши токтом кылат:**

## ТОКТОМ

**1.2021-2022окуу жылындагыУсулдук Кеңештин төрайымынын отчету жактырылсын.**

**2.Усулдук Кеңештин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы бекитилсин.**

**3.Усулдук Кеңештин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн жаңы курамы бекитилсин.**

**4.Усулдук Кеңешмеде шайланган усулдук бирикменин жетекчилеринин кандитатурасы бекитилсин.**

**5.Усулдук кеңештин отурумдары белгиленген мөөнөтө өткөрүлсүн.**

**6.Жаңы усулдарды жайылтуу усулдук бирикменин жетекчидерине жүктөлсүн.**

**7.Ар чейрек сайын усулдук бирикмелердин отчеттору алынып,усулдук кеңешмеде каралсын.**

**8.Жаш кадрлар колго салынган мугалимдерге бекитилсин.**

**№78.М.Жолдошалиев атындагы орто мектебинин усулдук кеңешинин отурумунун**

***Токтому*** ***№2 2022-жыл 12.11***

***Жаңы-Айыл айылы***

***Катышуучулардын жалпы саны:19***

***Катышканы: 18***

***Катышпаганы:1 Жооптусу:1***

***1.Каралуучу маселелер:***

***1) Биринчи чейректин жыйынтыгы.***

***2) Тил илимдер багытындагы усулдук бирикменин жетекчиси Ураимова Назиктин отчету.***

***3) Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси Жакыпбек кызы Кыялдын баш.кл декадасы боюнча отчету.***

***4) Чейрек ичиндеги жетишкендиктер жана кемчиликтер.***

***5) Алдыдагы иштер.***

***Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы ,башкача айтканда усулдук кеңештин төрайымыАдилбековага сөз берилди.Ал биринчи чейректеги катышу,жетишүү,билим сапаты боюнча отчет берди.Билим сапаты боюнча эң төмөн көрсөткүчтү берген класстарды,о.э катышу бонча томонку класстарды баса белгиледи.9-класстын б-с 36%,3-11-класстардын билим сапаты 40 % ды бергенин,катышуусу боюнча 9-10-класстар97 %га ээ болгонун айтты. 10-класста 5ке окуган бир дагы окуучунун жок экени ошондуктан билим сапаты төмөндүгүн айтты.Бул боюнча класс жетекчилеринин иш алып баруусуна администрация тарабынан көзөмөл жүргүзүү керектиги айтылды.***

***2-маселе боюнча Ураимова  сентябрь айында тил майрамына карата кыргыз тилчилерге  « Кыргыз тили-мамлекеттик тил»деген темада ачык саатардын,поэзиялык кечелердин өткөрүлүшү менен даңазалоо боюнча ,о.э «Акыл ордо» таймаштарынын,о.э «Мамлекеттик тилдин 32 жылдыгы» деген темада откорүлгөн иш чараларга  эң мыкты катышкан мугалимдер жөнүндө баса белгиледи.Ар бир предметтик сабактардан жазуу иштери алынып,билип сапатынын көрсөткүчтөрү аныкталды.Мисалы 9-класс 49%,7-класс 40%,10-класс 46%,5-класс 44%га ээ болду***

***3-маселеге  УБЖнын  жетекчиси Жакыыпбек кызы Кыял башталгыч класстардын иштерин жандандырууда алардын тех.окуу деңгелдерин,кол жазмаларын жакшыртууда «Сулуу жазуу»иштерин ,көркөм чеберчиликтерин өнүктүрүүдү «Менин сүйүктүү каарманым»деген темада сүрөттөр тартышкандарын айтып «эң мыкты сүрөтчү», «эң мыкты кол жазма» деген ийгиликтерге жетишкен класстарды айтып өттү.октябрь айында баш.класстар декадасын өткөрүүдө окутуунун тех нормаларын алганда 2-класстын окуучулары баары тамга таанышат,билим сапаты 46,5%,ал эми3-класстын окуучулары 70-75%ды,4-Акласстын окуучулары45- 58%ды,4-Б-класстар 45- 54%ды ды берди.Ошондой эле «сулуу жазуу»,же болбосо кол жазмаларынын сапатын көзөмөлдөөдө 2-Акласс45-50%ды,3-класс 48-60%,4-Акласстын окуучулары 74%га ,4-Б-класстын окуучулары60%ээ болушту.О.Э «Электрондук китеп окуу» сынагы башталгыч класстар арасында эң жакшы деңгээлдэ өткөрүлүп,громаталар менен сыйланышты.3 -класстын окуучулары,ата –энелери өздөрүнүн активдүүлүгүн көрсөкөндүгүн баса белгиледи.Башталгыч класстар декадасында «энелер мектеби» менен иштөө колго алынып,иш чаранын негизинде ар бир класста ата-энелер чогулуштары өтүлдү.  Усулдук бирикменин жетекчиси Жакыпбек кызы Кыял өз ишине тактыгын  аткарган иши менен тастыктады.***

***4-маселе боюнча ТИУ жетекчиси Мырзабекова жарыш сөзгө чыгып Жогору жактан берилген иш чараларды аткарууда эң мыкты аракеттенген класстарды атап, аларга жана класс жетекчилерине***

*алкыштар айтылды. Ал эми кээ бир класстардын салкын көз караштары алардын жетекчилерине тийиштүү экендигинде деди.*

*Окуу бөлүм башчысы олимпиадалык топтун жетекчилеринин аткарган иштери алар окуучуларынын кандай ийгиликтерге жетишкендиги далил болоорун айтты.2022-2023-окуу жылында ар бир олимпиадалык топтор өздөрүнө тиешелуу предметтерден иш аракеттеринин жыйынтыктарын УБЖ,О.Б.Бнын катышуусу менен жазуу иштери,тестик тапшырмалар алынып ,зооналык турга катышууга чечимдер чыгарылып,токтомго киргизилди.*

*5-маселе боюнча мектеп директору Камбарова Ж. жогорудагы кемчиликтер,ийгиликтерди угуп кандай жыйынтык чыгара турганын,ошону менен бирдикте кийинки чейректе кемчиликтерге жол бербөөгө,аларды оңдоо менен билим сапатын көтөрүү боюнча тез арада иш аракеттерди жасоо керектигин баса белгиледи..*

## *Токтом*

*Жогорудагы маселелерди угуп,усулдук кеңеш токтом кылат:*

*1.Окуучулардын билим сапатын көтөрүү жагы класс жетекчилерге,ошондой эле предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин*

*2. «Мамлекеттик тил» күнүнө карата өтүлгөн иш чараларда эң мыкты аткарган мугалимдерге администрация жагынан алкыш берилсин.*

*3.Башталгыч класстардын окуучуларынын эң мыкты аткаруучуларына мектеп тарабынан грамоталар берилсин.*

*4.Алдыдагы иштерди көзөмөлдөө жагы усулдук кеңештин төрайымы М.Адилбековага ошондой эле усулдук бирикменин жетекчилерине милдеттендирилсин.*

*Окуу бөлүм башчысы:* *М.Адилбекова*

*Катчы:* *Жакыпбек к Кыял*

***78.М.Жолдошлиеватындагы орто мектебинин Усулдук кеңешинин***

***Токтом*** ***№3 2022-жыл 14.01***

***Жаңы-Айыл айылы*** ***Катышканы:20***

***Катышпаганы:1***

***1.Каралуучу маселелер:***

***1.2-чейректин жыйынтыгы.***

***2.Башталгыч класстардын жазма иштеринин абалы.***

***3.Социалдык,гуманитардык сабактар усулдук бирикмесинин жетекчиси Темур кызы Бүбүсаранын отчету.***

***4.АЧД, дене тарбия сабактарынын окутулушу жана окуучулардын билим сапаты.***

***5.Олимпиадалык топтордун жетекчилеринин отчету,жетишкен ийгиликтери жана кемчиликтери***

***6.Уюштуруу иштери.***

***1-маселе боюнча ОББсы өзүнүн отчетун берди.Экинчи чейректе окуучулар төмөндөгүдөй билим сапатына,жетишүү,катышууга ээ болду***

***Мектеп боюнча билим сапаты-44,6%ды берди.***

***Катышуусу-98 %***

***Жетишүүсү:100%га ээ болду.***

***Билим сапаты боюнча эң төмөн пайызды 5-класс 35%.ал эми***

***10-4-кластарда 40%ды берди.Өткөн чейректе 9- класс 36%ды берген.***

***Бирок класс жетекчинин көзөмөлү менен 9-кл.41%ды берди.Үчүнчү чейрек чечүүчү чейрек болгондуктан бардык кл.жетекчилер,предметтик мугалимдер балдарга жакындан жардам берип.көрсөтмөлүү сабак өтүп.берген билимибиз жугумдуу болуусуна жакшы аракет кылалы.***

*2-маселе боюнча башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси Жакыпбек к Кыял эжеке маалымат берди.ал эжеке 1-класстарда окуучулар кол жазмаларынын бир калыпка түшүп,китептен көчүрүп.тамгаларды элементтери менен жаза баштashканын айтып оттү.Ошону менен бирге 2-3-4-класстарда окуучулардын кол жазмаларын тамгалардын элементтери боюнча жазууга көндүрүү менен туура жазууга машыктыруу керек.Ал үчүн башталгыч класстардын эжекелери тыбыштык өзгөчөлүктөргө көбүрөөк басым жасашы керектигин айтты.Окуу техникалык нормалары боюнча жакшы жетишкендиктерин айтты. «Улуттук адабият» күнүнө карата «Эки алп бизде конокто» аттуу иш чарада башталгыч класстар арасында Ч.Айтматовдун чыгармаларын эскерүү иш чаралары өткөрүлдү жана эң мыкты аткаруучуларга грамоталар берилди.»Окуу керемет» долбоорунун алкагында№1- ата –энелер чогулушу өткөрүлүп, «Финчилистен сынагы» өткөрүлдү.Сынак ата-энелер менен биргеликте өткөрүлүп,кызыктуу ары атандашуу менен болуп,жеңүүчүлр аныкталып, грамоталар берилди.*

*3-маселе боюнча гуманитардык сабактардын ус.бирикмесинин жетекчиси Темур кызы Б өзүнүн отчетун берди .Ал декабрь айынын жумалыгында ,География,тарых,биология жана химия сабактарын окутуудагы жетишкендиктер жана кемчиликтер боюнча баса белгиледи.Тарых,биология ,химия сабактарын окутууда окуучуларга кызыктуу,көрсөтмөлүү өтүү менен окуучуларды эркин сүйлөөгө көндүрүүгө мугалимдин иш аракети тажрыйбасы жеткиликтүү болуусун айтты.Ошону менен бирге эле дагы ушундай эле көйгөйлөр бар экендигин дагы баса белгиледи,Буга себеп олимпиададан бир дагы окуучу ийгиликке жетпегени далил боло алаарын айтты.Социалдык гуманитардык сабактарынан билим сапатынын көрсөткүчтөрү б-ча маалымат берди.*

*4-маселе боюнча аз сааттуулар бирикмесинин жетекчиси Манатов Сыргак кыска малымат берип өттү.Ал дене тарбия мугалими Тобокалов Нурсултанга жакындан усулдук жардам керектигин айтты.Себеби агайдын жаңыдан иштеп жаткандыгына,о.э сабак өтүдөөгү анча мынча кетирген кемчиликтерине карата.*

*5-маселе боюнча мектеп директору Ж.Камбарова сөз сүйлөп,мектепте билим сапатын көтөрүүгө эң жакындан жардам «энелер мектебин» уюштуруу керектигин,себеби Лейлек районундагы мектеп жөнүндө кыскача ,кызыктуу,шыктандыруучу маалыматтарды айтты.Андан кийин жогорудагы кемчиликтерди угуп, окуу бөлүм башчысы өз пикирин ортого салды.Окуучулардын билим сапатын көторүү ар бир мугалимдин өз колунда.Изденип ар кандай булактардан,усулдук китептерден окуп өз тажрыйбабызды кеңейти,.балдарга жеткиликтүү билим берсек болоорун айтты.Ошондой эле быйылкы окуу жылында бир дагы окуучу олимпиададан аймактык турда ийгиликке жетпегени,мугалимдин окуучуларга жеткиликтүү билим бербегенин далилдейт деп басабелгиледи*

*Жогорудагы кемчилдиктерди угуп, усулдук кеңеш төмөндөгүдөй токтом кылат:*

## *ТОКТОМ*

*1.Мектепте окуучулардын билим сапатын көтөрүү ар бир предметтик мугалимдерге ,ошондой эле көзөмөлдөө жагы усулдук бирикменин жетекчилерине милденттендирилсин.*

*2. «Энелер мектебин» уюштуруу башталгыч класс мугалимдерине милдеттендирилсин, анны көзөмөлдөө усулдук кеңештин төрайымы М.Адилбековага милдеттендирилсин*

*3.Ар бир олимпиадалык топтун жетекчилерине окуучуларга татыктуу билим берип,кийинки олимпиадалык катышууларда ийгиликтерге жете тургандыгына эскертүү берилди жана милдеттендирилди.*